“Бекитемин”
Мектептин директору:
__________ Абдикаримова А.
“05” __________ 2022-ж.

# № 9 А.Орозбеков атындагы орто мектебинин 2022-2023-окуу жылына карата алдын алуу кеңешинин жобосу.

Жалпы билим берүү мектептеринде профилактикалык кеңеш атайын жобонун негизинде иштейт. Профилактикалык кеңеш балдардын укугу жөнүндө Конвенциянын “Кыргыз Республикасында укук бузуулардын алдын алуу жөнүндө” 25.06.2005-жыл № 82 мыйзамынын негизинде түзүлөт.

Анын негизги милдеттери болуп:

-жашы жете электердин арасында укук бузуулардын,кылмыштуулуктун алдын алуу

-окуучулар арасында укуктук маданиятты,мыйзамды сыйлоо тартибин калыптандыруу

-баланын укугун коргоо.

1.Кеңештин мүчөлөрү мектепте укук коргоо иштерин пландаштырууга катышат.

2.Профилактикалык кеңеш башкаруунун коомдук органы катары мектеп жетекчилигинин ,буйрук чыгаруусунда кеңеш укугуна ээ болот.

3.Кеңештин курамы ушул буйрукта көрсөтүлгөндөй курамда түзүлөт.

4.Профилактикалык кеңеш ачык добуш берүү менен өзүнүн төрагасын,төраганын орун басарын ,катчысын жана мүчөлөрүн шайлайт.

**Кеңеш төмөнкүдөй структурада иштейт :**

-Оор үй-бүлөөлөр менен иштөө комиссиясы. Бул үй-бүлө маселесин ,анда жашаган жашы жете электердин укугун коргоо,,балалыкты социалдык коргоо иштерин жүргүзөт.

-Тарбиясы оор окуучулар менен иштөө комиссиясы: Балдардын тартибин,окуусун,окуу процессинин уюштурулушун, укук бузуулардын алдын алуу өспүрүмдөр арасындагы кылмыштуулукту ,окуучуларыдын жайкы эмгек жана эс алуу иштерин жүргүзөт .

-Жашы жете электердин арасында укук бузуулардын алдын алуу иштеринин жүрүшүн башкарат,тиешелүү документтерин даярдайт.Профилактикалык кеңештин ишин координациялоо менен КДД (балдардын иши боюнча комиссия) ОЛСД (үй-бүлө жана балдарды колдоо бөлүмү) ИДН (Жаш опүрүмдөр менен иштөө инспекциясы) менен байланышып турат.

Кеңеш өз отурумун бир айда бир жолу өткөрүп турат.Зарыл учурда кезексиз отурум өткөрүлүшү да мүмкүн .

Кеңештин чечими анын мүчөлөрүнүн үчтөн эки бөлүгүнүн катышуусу менен добуш берүүнүн көп жагына карай кабыл алынат.

Кеңеш планы мектептин жетекчиси менен макулдашуунун негизинде өзүнүн кеңешинде бекитет жана ал боюнча иш алып барат.

Кенештин отуруму протоколдоштурулат.

Кеңештин отурумунда составы алты кишиден турган президиум иштейт.

*Төрага

*Төраганын орун басары

*Үч комиссиянын төрагалыгы

*Катчы

Президиум кеңештин кезектеги отурумуна маетриалдарды даярдайт жана күндөлүк зарыл маселелерди чечет.Кеңеш кабыл алган чечимдердин аткарылышын көзөмөлдөйт .
Президиумдун чечими сунуш берүүчү мүнөзгө ээ.

**Кеңештин укутары:**

- Кеңеш жашы жете электердин арасындагы жалпы укук бузууларды карайт.

- Окуучулар арасында болуп жаткан кылмыштуулук ,укук бузууларды эскертүү үчүн кеңешке окуучуларды ,окуучуларды ата -энелерди же алардын ордун алмаштыруучуларды чакыра алат.
- Педагогикалык кызматкерлерден жашы жете электердин окуусу ,тартиби ,өз ара мамилелери,үй-бүлөдө тарбиялануусу жөнүндө маалымат ала алат.
- ЖӨИнин кызматкерлери менен бирдикте жашы жете электердин арасында укук бузуулардын,кылмыштуулуктун алдын алуу багытында рейддерди өткөрүүгө укутуу.
- Педагогикалык кызматкерлердин укук бузуулардын алдын алуу боюнча иштерин угууга укуктуу.

**Кеңештин милдеттери:**

- Кеңештин иши боюнча педагогдор ата-энелерге ,окуучуларга маалымат берүү.
- Өзүнүн компетенциясына туура келген маселелер жөнүндө кенештин иши боюнча маалымат берүүгө .

**Кеңеш окуучуларга төмөндөгүдөй таасир берүүчү чараларды бере алат:**

- Жашы жете электерге жеке түрүндөгү же көпчүлүк алдында кечирим суроону милдеттендирет.
- Мектеп ичинде кылмыштуулукка катышкан окуучуларды(учётко)эсепке алат.
- Мектеп администрациясына төмөндөгүдөй сунуш бере алат.
- Эскертүү берүү жөнүндө .
- Сөгүш жана катуу сөгүш берүү жөнүндө.
- КДДга жөнөтүү жөнүндө .
- ИИБне ата-энелерге чара көрүү үчүн сунуш жиберүүгө .

**Кабыл алынган чечимдерди көзөмөлдөө үчүн төмөнкүдөй иштерди аткарат:**

- Мектеп ичинде ЖӨИде кеңештин чечими менен көзөмөлгө алынган үй-бүлөөлөрду иликтөө.
- ЖӨИ, коомдук уюмдар менен бирдикте рейддерди өткөрүү.
- Чечимдин аткарылышын кайрадан кеңештин отурумнуда кароо.
- Укук бузгандар жана алардын ата-энелери менен жекече иш,ангемелеүү.
- Атайын көзөмөлгө алуу.

**Иш кагаздарынын номенклатурасы:**

- Иш кагаздары мектептин директорунун буйругуна ылайк жүргүзүлөт.
- Окуу жылына түзүлгөн иш планы болот.
- Отурумдардын протоколдору жазылат.
- Уку бузууларга жазылган сунуштар ,аныктамалар,рейддин отчёттору болот.
- Иликтөө актылары сакталат.

Ушул буйруктун иш чара планын аткаруу боюнча райБББнүн №38/8 жана райондук ИИБнүн мектеп окуучуларынан мектептерде милициянын жаш көмөкчү отрядын тузүү боюнча (ЮДМ) 63 07.03.09 буйругу чыккан.Ал буйрук боюнча милициянын жаш көмөкчү отрядына атайын формадагы күбөлүк берилет.Алардын иш аракети боюнча Жобо иштелип чыкты.

Социалдык педагог: Токтобаева Б.